Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2023-жылдын III чейреги үчүн

# ОТЧЕТ

## 1. Накталай акча жүгүртүү түзүмү

Накталай акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2023-жылдын III чейрегинде 99,8 пайызды түзүп, 2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 1,7 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын III чейрегинде накталай акчанын кайтарымдуулугу 98,1 пайызды түзгөн).


**1-таблица. Накталай акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы**
*(млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2022-ж. III чейреги | 2023-ж. III чейреги | 2022-ж. III чейреги | 2023-ж. III чейреги | 2022-ж. III чейреги | 2023-ж. III чейреги |
| **Бардыгы болуп:** | **1 028 556,1** | **1 147 876,4** | **1 048 269,5** | **1 150 234,0** | **98,1** | **99,8** |
| Бишкек ш. | 581 089,8 | 597 544,1 | 584 964,2 | 591 412,1 | 99,3 | 101,0 |
| Ош ш. | 110 392,8 | 128 929,3 | 113 965,0 | 128 722,3 | 96,9 | 100,2 |
| Чүй областы | 75 531,5 | 110 828,7 | 75 424,6 | 110 733,7 | 100,1 | 100,1 |
| Ысык-Көл областы | 51 554,9 | 61 766,4 | 53 597,1 | 63 395,0 | 96,2 | 97,4 |
| Талас областы | 19 350,6 | 23 912,8 | 20 707,1 | 25 253,6 | 93,5 | 94,7 |
| Нарын областы | 20 682,4 | 23 511,0 | 21 806,5 | 24 754,5 | 94,9 | 95,0 |
| Ош областы | 37 547,7 | 42 951,0 | 37 481,7 | 42 972,0 | 100,2 | 99,9 |
| Жалал-Абад областы | 92 366,9 | 104 943,5 | 100 084,4 | 109 451,2 | 92,3 | 95,9 |
| Баткен областы | 40 039,5 | 53 489,6 | 40 239,1 | 53 539,6 | 99,5 | 99,9 |

2023-жылдын III чейрегинде 2022-жылдын III чейрегине салыштырганда коммерциялык банктардын кассаларына накталай акчанын кайтарымдуулугу төмөнкү региондордо өскөн:

- Бишкек шаары боюнча – 1,7 пайызга;
- Ош шаары боюнча – 3,3 пайызга;
- Ысык-Көл областы областы боюнча – 1,2 пайызга;
- Талас областы боюнча – 1,2 пайызга;
- Баткен областы боюнча – 0,4 пайызга.

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**





2023-жылдын III чейреги ичинде накталай акчанын кайтарымдуулугунун кыйла жогору көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча 101,0 пайызды түзгөн, ошондой эле Ош шаары боюнча – 100,2 пайыз катталган. Ал эми накталай акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Талас областы боюнча белгиленген – 94,7 пайыз.

Накталай акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 1 147 876,4 млн сомду түзүү менен 2022-жылдын III чейрегине салыштырганда 11,6 пайызга көбөйгөн.


Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча накталай акчанын түшүүсү төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 393 280,3 млн сомду, көбөйүү 10,8 пайызды түзгөн (2022-жылдын III чейрегинде – 354 953,7 млн сом);
- товарларды сатып өткөрүүдөн – 47 145,4 млн сомду, көбөйүү 7,4 пайызды (2022-жылдын III чейрегинде – 43 896,4 млн сомду) түзгөн;
- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 247 681,7 млн сом, көбөйүү 9,0 пайыз (2022-жылдын III чейрегинде – 227 181,5 млн сом) чегинде катталган;
- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруудан – 55 584,5 млн сомду, көбөйүү 3,9 пайызды (2022-жылдын III чейрегинде – 57 840,2 млн сом) түзгөн;
- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 99 992,6 млн сомду, көбөйүү 9,8 пайызды (2022-жылдын III чейрегинде – 91 024,2 млн сомду) түзгөн;
- чет өлкө валютасын сатуудан – 103 299,9 млн сом, 0,1 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын III чейрегинде – 102 282,9 млн сом) чегинде катталган.

**2-график. 2022-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2023-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**





Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген накталай акча 2023-жылдын III чейрегинде 1 150 234,0 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 9,7 пайызга көбөйгөн.


2023-жылдын III чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген накталай акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 396 557,1 млн сомду түзүп, 10,9 пайызга көбөйгөн (2022-жылдын III чейрегинде – 357 591,5 млн сом);
- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 49 966,1 млн сомду түзүп, 9,5 пайызга азайган (2022-жылдын III чейрегинде – 55 213,1 млн сом);
- банкоматтарды толуктоо – 322 963,4 млн сомду, көбөйүү 17,5 пайызды (2022-жылдын III чейрегинде – 274 741,6 млн сомду) түзгөн;
- локалдык акча которууларга төлөө – 43 477,5 млн сомду, азаюу 10,4 пайызды (2022-жылдын III чейрегинде – 48 502,0 млн сомду) түзгөн;
- товарларга төлөө – 9 559,5 млн сом, көбөйүү 2,0 пайыз (2022-жылдын III чейрегинде – 9 367,6 млн сом) чегинде белгиленген;
- чет өлкө валютасын сатып алуу – 114 479,6 млн сомду түзүп, азаюу 23,8 пайызды түзгөн (2022-жылдын III чейрегинде – 150 259,7 млн сом);
- эмгек акыны төлөө – 1 148,5 млн сом, азайуу 7,2 пайыз (2022-жылдын III чейрегинде – 1 237,5 млн сом) чегинде катталган.

4-график. 2022-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)




5-график. 2023-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)




**2. Накталай эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү**

**2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)**

2023-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча ПКС аркылуу төлөмдөрдүн көлөмү 91 048 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 45,4 пайызга көбөйгөн. Отчеттук мезгилде ПКС аркылуу 2 770 660 төлөм жүргүзүлүп, 2022-жылдын III чейрегине салыштырганда алардын саны 20 пайызга көбөйгөн.

**2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)**

ГСРРВ аркылуу төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2023-жылдын III чейрегинде 3 666 232 млн сомду түзгөн жана өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 25 пайызга көбөйгөн. Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу 276 687 төлөм жүргүзүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 46,7 пайызга өскөн.

**2-таблица. Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2022-ж. III чейреги | 2 309 044 | 62 627,9 | 188 593 | 2 932 104,8 | 2 497 637 | 2 994 732,7 |
| 2023-ж. III чейреги | 2 770 660 | 91 048,0 | 276 687 | 3 666 232,0 | 3 047 347 | 3 757 280,0 |

**2.3. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр**

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү көбүнчө SWIFT билдирүүлөрүн жөнөтүү каналын пайдалануу менен өткөрүлгөн.

2023-жылдын III чейрегинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2 150,0 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 1,6 эсеге көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2 375,1 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 1,5 эсеге өскөн.

**3-таблица. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрүнүн көлөмү**

| Төлөмдөр (млрд сом) | 2023-жылдын I чейреги | 2023-жылдын II чейреги | 2023-жылдын III чейреги | Жыл башынан тартып бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Кирген төлөмдөр | 1 913,9 | 2 253,8 | 2 150,0 | **6 317,7** |
| Чыккан төлөмдөр | 2 200,2 | 2 966,4 | 2 375,1 | **7 541,7** |

2023-жылдын тогуз айы ичинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 6 317,7 млрд сомду түздү жана 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 2,1 эсеге көбөйгөн. Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 7 541,7 млрд сомду түзүп, 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 2,1 эсеге өскөн.

**2.4. Акча которуулар**


2023-жылдын III чейреги ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 44,0 млрд сом суммасында 1 773,7 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 39,0 жана 37,1 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 12,3 млрд сом жалпы суммасында 155,2 миң транзакцияны түзүү менен өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 63,7 жана 31,2 пайызга азайган.

2023-жылдын 9 айы ичинде эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 125,5 млрд сом суммасында 5 155,6 миң транзакцияны түзүп, 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 36,5 жана 38,1 пайызга азайган.


Чыккан которуулардын саны 39,8 млрд сом суммасында 480,2 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 46,8 жана 29,7 пайызга кыскарган.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча алганда 2023-жылдын III чейреги ичинде кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген: кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 30,8 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 64,3 пайызы.

**6-график. 2023-жылдын III чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**7-график. 2023-жылдын III чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




2023-жылдын III чейреги ичинде республиканын коммерциялык банктары Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин которууларды финансылык камсыз кылуу талаптарын сактоо менен иш алып барышкан.

Отчеттук чейрек ичинде жана 2023-жылдын 9 айында ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төмөнкү төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган:

**- АКШ долларында акча которуулар**

2023-жылдын III чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 114, 1 млн АКШ доллары суммасында 215,0 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 2,5 жана 15,5 пайызга азайган. Чыккан которуулардын саны 101,3 млн АКШ доллары суммасында 93,7 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 72,1 жана 30,7 пайызга азайган.

2023-жылдын 9 айы ичинде кирген которуулардын жалпы саны 308,4 млн АКШ доллары суммасында 647,9 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 48,5 жана

29,2 пайызга азайган. Ал эми чыккан которуулардын саны 342,1 млн АКШ долларында 278,7 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 43,8 жана 13,5 пайызга азайган.

**- евродо акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 7,8 млн евро жалпы суммасында 16,6 миң кирген которуулар ишке ашырылып, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 47,2 жана 36,1 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 0,3 млн евро жалпы суммасында 0,4 миң транзакцияны түзүү менен өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 33,3 пайызга көбөйгөн, көлөмү өзгөргөн эмес.

2023-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча 20,0 млн евро суммасында 46,5 миң кирген которуулар ишке ашырылып, 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 32,5 жана 73,0 пайызга азайган.

Чыккан которуулардын саны 0,9 млн евро суммасында 1,2 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 76,3 жана 47,8 пайызга азайган.

**- орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 35 860,9 млн рубль суммасында 1 542,1 миң кирген которуу өткөрүлүп, көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 18,4 жана 41,6 пайызга азайган. Чыккан которуулар боюнча 3 539,0 млн рубль суммасында 60,1 миң транзакция ишке ашырылган, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 32,1 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 13,2 пайызга көбөйгөн.

2023-жылдын тогуз айы ичинде 4 461,1 миң кирген которуу жүргүзүлүп, анын суммасы 93 933,1 млн рублди түзгөн, бул көрсөткүчтөр 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 39,2 жана 13,4 пайызга азайган. Чыккан которуулар боюнча 9 310,7 млн рубль суммасында 196,8 миң транзакция өткөрүлүп, 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 48,3 жана 44,5 пайызга азайган.

**- казак теңгесинде акча которуулар**

2023-жылдын III чейрегинде чыккан которуулар 193,2 млн теңге жалпы суммасында 0,9 миң транзакцияны түзүү менен көрсөткүчтөр өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 29,2 жана 43,8 пайызга азайган. Казак теңгесинде кирген которуулар жүргүзүлгөн эмес.

2023-жылдын 9 айы ичинде чыккан акча которуулар 622,4 млн теңге суммасына 3,2 миң транзакцияны түзүү менен 2022-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 8,5 жана 20,0 пайызга азайган. 2023-жылдын 9 айы ичинде казак теңгеси түрүндө кирген акча которуулар жүргүзүлгөн эмес.

**4-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2022-ж. III ч. | | 2023-ж. III ч. | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 61,9 | 2 061,5 | 59,5 | 2 418,6 |
| | Чыккан | 11,2 | 1 106,4 | 8,3 | 820,0 |
| Contact | Кирген | 18,3 | 636,1 | 59,4 | 1 925,8 |
| | Чыккан | 9,3 | 670,6 | 38,6 | 2 068,5 |
| Money Gram | Кирген | 34,6 | 1 656,3 | 39,4 | 1 917,4 |
| | Чыккан | 3,4 | 838,3 | 2,4 | 382,4 |
| Юнистрим | Кирген | 47,5 | 2 059,7 | 358,3 | 10 000,8 |
| | Чыккан | 1,3 | 405,2 | 1,7 | 243,0 |
| Золотая Корона | Кирген | 2 723,6 | 62 747,1 | 442,7 | 14 524,0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Чыккан | 190,1 | 25 370,4 | 98,6 | 7 728,8 |
| RIA | Кирген | 14,9 | 550,4 | 18,8 | 848,7 |
| | Чыккан | 0,5 | 31,5 | 0,7 | 38,5 |
| UPT | Кирген | 5,8 | 197,9 | 12,0 | 433,4 |
| | Чыккан | 9,88 | 5 525,9 | 4,7 | 1 011,1 |
| Astrasend | Кирген | - | - | 783,6 | 11 875,4 |
| | Чыккан | - | - | 0,15 | 27,4 |
| PLUSPAY | Кирген | - | - | 0,09 | 6,8 |
| | Чыккан | - | - | 0,003 | 0,0005 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | **2 906,6** | **69 909,0** | **1 773,7** | **43 950,8** |
| | **Чыккан** | **225,7** | **33 948,3** | **155,2** | **12 319,8** |

### 2.5. Банктык төлөм карталар рыногу

2023-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында ЭЛКАРТ улуттук төлөм системасынын банктык төлөм карталарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү 21 коммерциялык банк, эл аралык төлөм системасы боюнча – 14 банк сунуштаган.

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карталарынын жалпы саны 2023-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча 6 344,1 миң картаны түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 36,1 пайызга, ал эми 2023-жылдын башталышына салыштырмалуу 21,2 пайызга өскөн.

Төлөм карталарын түрлөргө бөлүштүргөндө төмөнкүнү түзгөн:

| | |
|---|---|
| **- ЭЛКАРТ улуттук системасы** | **3 220 148 (50,8%):** |
| - ЭЛКАРТ | 3 215 245 (50,7%); |
| - ЭЛКАРТ-UPI | 4 903 (0,1%). |
| **- эл аралык системалар** | **3 123 948 (49,2%):** |
| - VISA | 2 956 916 (46,61%); |
| - Mastercard | 52 573 (0,83%); |
| - Золотая Корона | 93 157 (1,5%); |
| - Union Pay International | 21 302 (0,34%). |

**5-таблица. Жүгүртүүдөгү карталардын областтар жана системалар боюнча саны**


| Региондун аталышы | Элкарт | Элкарт - UPI | UPI | Visa | Master card | Золотая Корона | Жыйын-тыгында | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 905 181 | 1 990 | 18 193 | 2 117 815 | 29 880 | 24 631 | 3 097 690 | 48,8 |
| Чүй областы | 304 939 | 981 | 764 | 147 544 | 6 568 | 14 047 | 474 843 | 7,5 |
| Ысык-Көл областы | 257 066 | 63 | 889 | 119 314 | 2 231 | 5 994 | 385 557 | 6,1 |
| Нарын областы | 167 897 | 363 | 32 | 28 710 | 1 388 | 6 839 | 205 229 | 3,2 |
| Талас областы | 119 813 | 130 | 364 | 46 578 | 1 905 | 4 460 | 173 250 | 2,7 |
| Жалал-Абад областы | 554 914 | 801 | 497 | 194 564 | 4 263 | 16 523 | 771 562 | 12,2 |
| Ош областы | 617 370 | 550 | 507 | 246 473 | 4 841 | 12 195 | 881 936 | 13,9 |
| Баткен областы | 288 065 | 25 | 56 | 55 918 | 1 497 | 8 468 | 354 029 | 5,6 |
| **Жыйынтыгында** | **3 215 245** | **4 903** | **21 302** | **2 956 916** | **52 573** | **93 157** | **6 344 096** | **100** |

Бишкек шаары боюнча коммерциялык банктардын филиалдары/сактык кассалары, финансылык ресурстар топтологон эң жогорку көрсөткүчкө ээ жана демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да кыйла өнүккөн. Алсак, 2023-жылдын III чейрегинин ичинде карталарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү көбүрөөк үлүш 48,8 пайызды түзүү менен Бишкек шаарына туура келген. Ал эми кыйла төмөн көрсөткүч Талас областында – 2,7 пайыз чегинде катталган.


2023-жылдын III чейрегинде карталарды колдонуу менен эсептешүүлөр системалары боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын көлөмү 95,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине

салыштырганда өсүш 25,2 пайызды түзгөн, 2023-жылдын башынан бери көрсөткүч 54,4 пайызга өстү.

8-график. 2023-ж. 30-сентябрына карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карталардын жалпы саны (%)




9-график. 2023-ж. III чейреги үчүн карттарды колдонуу менен операциялардын областтар боюнча көлөмү жана саны (миң сом)




**2) Банктык төлөм карталар эквайринги**

2023-жылдын III чейрегинин акырына карата банктык төлөм карталары, анын ичинде ЭЛКАРТ улуттук төлөм картасы, республика боюнча орнотулган 2 159 банкоматта жана 19 155 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган.

2 159 банкоматтын ар биринде «карабай терүү» баскычы (5-саны томпок) бар, 12 банкоматта – аудио (үн) менен коштоо (операцияларды үн менен коштоо) функциясы каралган, 1 069 даана банкомат үчүн пандус орнотулган, 766 банкомат үчүн пандус орнотуу зарылдыгы жок, 326 жабдуу үчүн пандус орнотулган эмес. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 8,4 пайызга же 167 банкоматка көбөйгөн, ал эми 2023-жылдын башталышынан бери 5,8 пайызга же 118 банкоматка өскөн. 19 155 POS-терминалдын ичинен 12 901 «карабай терүү» баскычы (5-саны томпок) бар, 16 710 даана POS-терминалда – байланышсыз төлөө функциясы каралган. Өткөн жылга салыштырганда POS-терминалдардын саны 23,1 пайызга же 3 596 даанага, ал эми 2023-жылдын башталышынан тартып 17,9 пайызга же 2 903 даанага көбөйдү.

2023-жылдын 30-сентябрына карата төлөм терминалдарынын саны 2 705 бирдикти түзөт, алардын ичинен 884 төлөм терминалында аудио (үн) менен коштоо функциясы бар, 1 821 төлөм терминалында аудио (үн) менен коштоо функциясы жок, 1 175 төлөм терминалында пандус бар, 518 төлөм терминалында пандус жок. Төлөм терминалдарынын саны 2022-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 17,6 пайызга же 404 бирдикке өскөн, ал эми 2023-жылдын башталышынан бери 14,8 пайызга же 349 бирдикке көбөйгөн.

Банктык төлөм карталарын колдонуу менен эсептешүүлөрдүн эл аралык төлөм системасын тейлеген POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны төмөнкүнү түзгөн:

- VISA жана Mastercard эл аралык системалары – 806 банкомат жана 8 181 POS-терминал;
- «Золотая Корона» эл аралык системасы – 254 банкомат жана 2 297 POS-терминал;
- UPI эл аралык системасы – 443 банкомат жана 4 330 POS-терминал.

**6-таблица. Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны** *(даана)*


| Региондун аталышы | Банкоматтар | POS-терминалдар | | Төлөм терминалдары |
|---|---|---|---|---|
| | | Соода-тейлөө ишканаларында | Банктарда | |
| Бишкек ш. | 797 | 10 367 | 775 | 746 |
| Чүй областы | 224 | 1 801 | 247 | 269 |
| Ысык-Көл областы | 212 | 1 400 | 237 | 340 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Нарын областы | 88 | 306 | 149 | 131 |
| Талас областы | 85 | 360 | 94 | 149 |
| Жалал-Абад областы | 285 | 751 | 348 | 375 |
| Ош областы | 347 | 1 343 | 461 | 517 |
| Баткен областы | 121 | 346 | 170 | 178 |
| **Жыйынтыгында:** | **2 159** | **16 674** | **2 481** | **2 705** |

**3) Банктык төлөм карталарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

2023-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча карталарды колдонуу менен 225,7 млрд сом жалпы суммасында 49,8 млн транзакция өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 66,1 жана 56,3 пайызга көбөйгөн, 2023-жылдын башталышынан тартып эсептегенде 32,6 жана 25,7 пайызга өскөн). Алардын ичинен:

**10-график. 2023-ж. 1-октябрына карата QR-коддордун аймактык өнүгүүсү**




- акча каражаттарын накталай акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 172,8 млрд сом жалпы суммасында 23,9 млн транзакцияны түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 36,8 пайызга, ал эми көлөмү 53,7 пайызга көбөйгөн, 2023-жылдын башынан бери көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 11,5 жана 25,8 пайызга өстү;

- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 25,9 млн транзакцияны түзүү менен жалпы 52,8 мдрд сом суммасын түзгөн, бул өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 79,8 пайызга, ал эми көлөмү 2,3 эсеге өскөн, ал эми 2023-жылдын башталышынан бери операциялардын саны жана көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша 42,3 пайызга жана 1,6 эсеге өскөн.

## 2.6. QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү

2023-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 20 банк (23[1] банктын ичинен) жана 5 төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары системалар аралык интеграцияны камсыз кылууда жана QR-коддорду колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү боюнча кызматтарды сунуштоодо.

Системалар аралык интеграциянын алкагында 2023-жылдын 1-октябрына карата банктар жана төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары тарабынан соода-тейлөө ишканаларында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын региондорунда да 23 595 QR-код орнотулган.

2023-жылдын III чейрегинде өз ара иш алып баруу оператору[2] системасы аркылуу 800,9 млн сом суммасына 796 810 төлөм өткөрүлгөн, алардын ичинен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр үчүн 7 786 төлөм 12,2 млн сом суммасын түзгөн.

---

[1] Үч банк «ЭЛКАРТ» төлөм системасынын мүчөлөрү болуп саналбайт.

[2] Өз ара иш алып баруу оператору - ошол процессинг, клиринг борборунун төлөм системасынын катышуучуларына үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү (процессинг, клиринг) сунуштоо Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары - Улуттук банк) лицензиясына ээ, төлөм

**7-таблица. Өз ара иш алып баруу оператору системасы аркылуу 2023-жылдын 9 айы ичинде жүргүзүлгөн операциялар**

| Көрсөткүчтөр | 2023-ж. I чейреги | 2023-ж. II чейреги | 2023-ж. III чейреги | 2023-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча |
|---|---|---|---|---|
| Саны | 42 561 | 264 948 | 796 810 | 1 104 319 |
| көлөмү, млн сом | 91,28 | 396,7 | 800,9 | 1 288,88 |
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн саны | 4 611 | 8 728 | 7 786 | 21 125 |
| Мамлекеттик төлөмдөрдүн көлөмү, млн сом | 8,6 | 12,9 | 12,2 | 33,7 |

2023-жылдын III чейрегинде банктар, төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу төмөнкү операциялар ишке ашырылган:

**8-таблица. QR-коддорду колдонуу менен которуулар**

| Которуулар | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышуучунун категориясы | Өз системасында | | Системалар аралык | | | |
| | | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом |
| Коммерциялык банктар | 842 929 | 747 438 004 | 45 622 | 156 405 143 | 57 376 | 220 705 022 |
| Төлөм системасынын операторлору/төлөм уюмдары | 52 | 6 527,8 | 30 | 7 893 | 46 543 | 23 967 954 |


**9-таблица. QR-коддорду колдонуу менен товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө**

| Товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Катышуучунун категориясы | Өз соода-тейлөө ишканаларынын пайдасына (чыг.) | | Алардын ичинен бюджетке төлөмдөр | | Системалар аралык төлөмдөр | | | |
| | | | | | Кирген | | Чыккан | |
| | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом | Саны | Көлөмү, сом |
| Коммерциялык банктар | 32 198 | 49 611 402 | 7 756 | 12 188 385 | 178 910 | 264 693 083 | 616 793 | 457 612 461 |
| Төлөм системасынын операторлору / төлөм уюмдары | 569 051 | 428 366 016 | 0 | 0 | 547 986 | 340 795 568 | 29 040 | 24 375 566 |

системасынын катышуучулары менен техникалык өз ара иш алып барууну жана QR-кодду колдонуу менен төлөмдөр боюнча акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн клиринг файлдарынын түзүлүшүн камсыз кылган төлөм системасынын оператору.

### 2.7. Электрондук акча

2023-жылдын III чейрегинин акырына карата алты коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналган жана электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча он [3] локалдык система иш алып барган.



**11-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)**

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жөнөкөйлүгү жана ыңгайлуулугу менен байланыштуу. Алсак, электрондук капчыктардын жалпы саны 6,1 млн капчыкты түзүү менен 5,7 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч 12,7 пайызга жогорулаган), алардын ичинен идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 2,3 млн (бардык электрондук капчыктардын жалпы санынын 38,1 пайызы) түзгөн.

2022-жылдын ушул мезгилине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:



**12-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү**

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 19,5 пайызга көбөйүп, 6,6 млрд сомду түзгөн, которуулардын саны 2,7 млн операцияны түзүү менен 74,9 пайызга көбөйгөн;

- электрондук акчанын ордун жабуу боюнча операциялардын көлөмү 13,6 пайызга азайып, 4,1 млрд сомду түзгөн, ошондой эле операциялардын саны 22,2 пайызга азайып, 0,8 млн операцияны түзгөн;

- отчеттук мезгилде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын көлөмү 45,6 пайызга көбөйүп, 7,6 млрд сомду түзгөн, мында операциялардын саны 36,1 пайызга көбөйүп, 5,2 млн операция чегинде катталган;

- электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаны таратуу боюнча операциялардын саны жана көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша 37,8 пайызга жана 2,6 пайызга жогорулап, 8,6 млрд сомго 3,1 млн операцияны түзгөн.

2022-жылдын 3 чейреги жана 2023-жылдын 3 чейреги үчүн маалыматтарын салыштыруу төмөндө келтирилген:

[3] 2023-жылдын 3-чейрегинен тартып эки жаңы электрондук акча системасы иштей баштады.

**10-таблица. Электрондук капчыктардын саны боюнча салыштырма таблица**

| **Электрондук капчыктардын саны (млн)** | **2022-ж. I чейреги** | **2022-ж. II чейреги** | **2022-ж. III чейрегинин акырына карата** | **2023-ж. I чейреги** | **2023-ж. II чейреги** | **2023-ж. III чейрегинин акырына карата** | **2023-жылдын I-III чейректеринин 2022-жылдын I-III чейректерине салыштырмалуу өсүш** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Электрондук капчыктардын жалпы саны** | 4,8 | 5,1 | 5,4 | 5,6 | 5,8 | 6,1 | 12,7% |
| **Аныкталган электрондук капчыктар** | 1,5 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 30,7%) | 1,6 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 31,9%) | 1,8 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 33,5%) | 2,1 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,6%) | 2,2 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 37,8%) | 2,3 (электрондук капчыктардын жалпы санынын 38,1%) | 27,9% |

**11-таблица. Электрондук капчыктарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча салыштырма маалымат**

| Операциялардын аталышы | Чен бирдиги | 2022-ж. III чейреги | 2022-ж. I-III чейректери | 2023-ж. I чейреги | 2023-ж. II чейреги | 2023-ж. III чейреги | 2023-ж. I-III чейректери | 2023-жылдын I-III чейректиринин 2022-жылдын I-III чейректирине салыштырмалуу өсүш, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Которуулар | саны (млн) | 1,5 | 4,4 | 2,0 | 2,2 | 2,7 | 6,9 | 56,3% |
| | көлөмү (млрд) | 5,5 | 14,4 | 5,7 | 6,1 | 6,6 | 18,4 | 27,5% |
| Электрондук акчанын ордун жабуу | саны (млн) | 1,0 | 3,8 | 0,5 | 1,3 | 0,8 | 2,6 | -31,1% |
| | көлөмү (млрд) | 4,7 | 15,9 | 3,0 | 5,6 | 4,1 | 12,7 | -20,3% |
| Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө | саны (млн) | 3,8 | 10,9 | 4,3 | 4,5 | 5,2 | 14,0 | 28,5% |
| | көлөмү (млрд) | 5,2 | 14,2 | 6,2 | 6,7 | 7,6 | 20,5 | 44,4% |
| Электрондук капчыкты толтуруу жолу менен электрондук акчаларды таратуу | саны (млн) | 2,2 | 6,5 | 2,5 | 2,7 | 3,1 | 8,3 | 27,5% |
| | көлөмү (млрд) | 8,4 | 25,6 | 7,8 | 8,2 | 8,6 | 24,5 | -4,2% |

## 2.8. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2023-жылдын 30-сентябрына карата 26 юридикалык жак Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен: 25 лицензия – төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 26 лицензия – төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2023-жылдын III чейрегинде төлөм уюмдары аркылуу жалпы 100,6 млрд сом суммасына 57,3 млн транзакция өткөрүлгөн. 2022-жылдын III чейрегине салыштырмалуу төлөмдөрдүн жалпы саны 10,5 млн транзакцияга, ал эми төлөмдөрдүн көлөмү 51,5 млрд сомго көбөйгөн.

Отчеттук мезгилде төлөмдөрдүн олуттуу бөлүгү финансы-кредит уюмдарынын кызматтары үчүн (электрондук капчыктарды толуктоону кошпогондо) төлөмдөргө туура келген – бул жалпы 75,0 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 72,1 пайызы) 16,3 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 28,5 пайызы) түзгөн. Алардын ичинен:

- банк эсебин толуктоо боюнча 32,5 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 32,3 пайызы) 7,2 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 12,6 пайызы) өткөрүлгөн;
- финансы-кредит уюмдарынын кредиттерин төлөө боюнча 4,4 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 4,4 пайызы) 0,9 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 1,6 пайызы) өткөрүлгөн;
- башка банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн пайдасына 35,2 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 35,0 пайызы) 8,2 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 14,3 пайызы) өткөрүлгөн.

Мобилдик байланыш операторлорунун пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү 9,0 млрд сом суммасына (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 8,9 пайызы) 23,5 млн транзакция (төлөмдөрдүн жалпы санынын 41 пайызы) өткөрүлгөн.

Мамлекеттик жана коммуналдык товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулардын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салык жыйымдары, жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул, мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр) 2,5 млрд сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 2,5 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 4,0 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 6,9 пайызы) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 8,9 млрд сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 8,8 пайызы), саны 4,0 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 7,0 пайызы) түзгөн.

**12-таблица. Төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:**


| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш | 23 465 153 | 40,96 | 8 999 310,43 | 8,94 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 28 296 | 0,05 | 8 653,08 | 0,01 |
| 3 | Интернет | 661 521 | 1,15 | 577 427,99 | 0,57 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 3 562 241 | 6,22 | 2 046 018,40 | 2,03 |
| 5 | Салык жыйымдары | 48 298 | 0,08 | 56 789,71 | 0,06 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пул | 194 173 | 0,34 | 252 713,53 | 0,25 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 164 867 | 0,29 | 168 072,57 | 0,17 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 7 192 714 | 12,55 | 32 494 254,33 | 32,30 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 918 941 | 1,60 | 4 424 867,75 | 4,40 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 8 211 681 | 14,33 | 35 196 376,85 | 34,98 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 4 013 136 | 7,00 | 8 875 216,23 | 8,82 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 222 342 | 0,39 | 376 165,66 | 0,37 |
| 13 | Социалдык тармактар | 297 919 | 0,52 | 124 960,54 | 0,12 |
| 14 | Интернет оюндары | 22 914 | 0,04 | 11 890,87 | 0,01 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 1 155 | 0,00 | 2 474,42 | 0,00 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 3 977 409 | 6,94 | 715 634,06 | 0,71 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 94 418 | 0,16 | 44 362,08 | 0,04 |
| 18 | Кулактандыруулар | 35 866 | 0,06 | 21 507,58 | 0,02 |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 918 | 0,00 | 598,40 | 0,00 |
| 20 | Билим берүү | 84 517 | 0,15 | 217 730,48 | 0,22 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 16 139 | 0,03 | 42 314,00 | 0,04 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 4 076 460 | 7,12 | 5 951 453,40 | 5,92 |
| **2023-жылдын III чейрегинин жыйынтыгында** | | **57 292 078** | **100** | **100 608 792,35** | **100** |

**13-график. Төлөмдөрдүн саны, %**




**14-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %**




Төлөм уюмдары тарабынан 2023-жылдын тогуз айында жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн санынын жана көлөмүнүн көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү тенденциясы ушул отчетко карата 1 жана 2-тиркемелерде келтирилген.

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак (анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери аркылуу) жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 2023-жылдын III чейрегинин аягына карата төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 1,21 эсе көбөйүп, 12 620 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

Алар аркылуу төлөм уюмдары товарларды/кызматтарды сунуштоочулар өз кардарларына (абоненттерине) мурда салынган авансстык каражаттарды/алдын ала төлөнгөн каражаттарды же алардын бөлүктөрүн кайтарып берүүнүн эсебинен төлөмдөрдү кабыл алууну жана өткөрүүнү жүзөгө ашырган, катталган агенттердин мобилдик тиркемелеринин саны (мындан ары – мобилдик тиркемелер) отчеттук мезгилдин акырына карата 5 558 276 мобилдик тиркемени түзгөн (бул 2022-жылдын ушул эле отчеттук мезгилинин акырындагы көрсөткүчтөрдөн 1,35 эсеге жогору), алардын ичинен идентификациялоо жана верификациялоодон өткөндөрдүн саны

1 756 707 колдонуучу/мобилдик тиркемени түзгөн (бул 2022-жылдын ушул эле отчеттук мезгилинин акырындагы көрсөткүчтөрдөн 1,72 эсеге жогору).

**2.9. Банктык чекене агенттер**

Агенттерди ишке тартуу коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттерди төлөө, банктык эсепти толуктоо, банктык карталардан нак акча каражаттарын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2023-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүнү түзгөн:

- 141 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 17 агентке же 13,7 пайызга көбөйгөн, 2023-жылдын башынан бери агенттердин саны 18 даанага, же 14,6 пайызга өскөн. Бир нече банк тарабынан 89 соода-тейлөө ишканасынын кассаларында акча каражаттарын накталай акчага айландыруу боюнча долбоор ишке ашырылууда;
- 3 249 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган. Өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда бул агенттердин саны 800 агентке же 32,7 пайызга көбөйгөн, ал эми 2023-жылдын башынан бери алардын саны 474 агентке же 17,1 пайызга өстү.

**2.10. Коммерциялык банктардын төлөм кызматтары үчүн тарифтери**

Төлөм кызматтарына тарифтер коммерциялык банктар тарабынан ички өнүктүрүү стратегиясына жана рыноктун конъюнктурасына ылайык, корпоративдик кардарлар, жеке ишкерлер, юридикалык жана жеке жактар үчүн валютанын түрү (улуттук, чет өлкө валютасы) боюнча белгиленет.

2023-жылдын 1-октябрына карата коммерциялык банктардын төлөм кызматтарына тарифтер боюнча маалымат 23 коммерциялык банктын маалыматтарын камтыйт (2022-жылдын ушул эле мезгилиндеги маалыматтар 23 коммерциялык банк тарабынан берилген).

2023-жылдын үчүнчү чейреги үчүн банк тарифтери боюнча мурунку отчеттук мезгилге салыштырмалуу олуттуу өзгөрүүлөр болгон жок.

**Эсептешүү-кассалык тейлөөгө тарифтер (сом менен)**

| **Кызматтын түрлөрү** | **Жеке адамдар жана** | | | | **Юридикалык жактар** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Улуттук валюта | | Чет өлкө валютасы | | Улуттук валюта | | Чет өлкө валютасы | |
| | мин. | макс. | мин. | макс. | мин. | макс. | мин. | макс. |
| Эсеп ачуу | 0 | 5000 | 0 | 5000 | 0 | 10000 | 0 | 97 515,70 |
| Эсепти тейлөө (1 жылга) | 0 | 5000 | 0 | 10 | 0 | 5000 | 0,00 | 1 067,24 |

**Банктык төлөм карталарын тейлөөгө тарифтер**

| **Кызматтын түрлөрү** | **«ЭЛКАРТ» улуттук системасынын банктык төлөм карталары** | **Эл аралык төлөм системаларынын (VISA, Mastercard жана ж. б.) банктык төлөм карталары** | |
|---|---|---|---|
| | улуттук валютада | улуттук валютада | чет өлкө валютасында |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Карталарды берүү | 0дөн 350 сомго чейин | 0дөн 60 000 сомго чейин | 0дөн 6 210 сомго чейин |
| Жылдык тейлөө үчүн комиссия | 0дөн 500 сомго чейин | | |
| Картаны чыгарган банктын инфраструктурасынан накталай акча чыгаруу | суммадан 0дөн 0,6 пайызга чейин | суммадан 0дөн 3 пайызга чейин | суммадан 0дөн 5 пайызга чейин |
| Башка банктардын инфраструктураларынан накталай акча чыгаруу | суммасынан 0 дөн 0,6 пайызга чейин | суммасынан 0 дөн 3 пайызга чейин | 0 пайыздан 5 пайызга чейин суммадан |

**Эсеп ачпастан эл аралык акча которуу системалары аркылуу акча которуулар боюнча тарифтер**

| **Акча которуу системасы** | Мин. (суммадан %) | Макс. (суммадан %) |
|---|---|---|
| Western Union | 0 | 4,0 |
| Contact | 0 | 3,50 |
| Money Gram | 0 | 3,00 |
| Золотая корона | 0,30 | 1,50 |
| unistream эл аралык | 0,00 | 4,00 |
| RIA | 0,90 | 3,00 |
| UPT | 0,40 | 3,00 |
| Astrasend | 0 | 3,00 |
| PLUSPAY | 0,01 | 1,00 |

**Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр системасы боюнча акча которуу кызматтарына тарифтер**

| **Кызматтын түрлөрү** | Миң. (% менен) | Макс. (% менен) |
|---|---|---|
| SWIFT системасы боюнча которуулар | 0 | 0,65 |

**3. Методологиялык иш**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү максатында төмөнкү токтомдорду кабыл алган:

1. 2023-жылдын 26-июлунда № 2023-П-14/45-4-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 15-июлундагы № 30/6 «Кыргыз Республикасында акча которуулар системасы боюнча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомунун айрым ченемдерин убактылуу токтотуу жөнүндө» токтому бекитилген. Токтомго ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан тиешелүү чечим кабыл алынганга чейин, төмөнкүлөргө уруксат берилет:

- Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык акча которуу системалары аркылуу акча которууларды жөнөтүүчү жөнөткөн валютада берүүгө;
- Кыргыз Республикасынын аймагынан эл аралык акча которуу системасы аркылуу акча которууну акча которуу жөнөтүлгөн валютада кайтарып алууга/жокко чыгарууга.

2. 2023-жылдын 12-июлунда Улуттук банк Башкармасынын № 2023-П-14/42-4-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын 30-ноябрындагы № 51/4 «Төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторун бекитүү тууралуу»

токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому кабыл алынды. Токтомго ылайык, төлөм жүгүртүлүшүнүн мамлекеттик классификаторуна виртуалдык активдер менен жүргүзүлгөн операцияларды чагылдыруу боюнча толуктоолор киргизилди.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы № 637 токтомуна ылайык келтирүү максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2023-жылдын 23-августундагы № 2023-П-14 /53-5-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому кабыл алынды. Киргизилген өзгөртүүлөр Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы же «Түндүк» мобилдик тиркемеси аркылуу алынган санарип форматтагы документтерди колдонууга мүмкүндүк берет.

Төмөнкү ченемдик укуктук актылардын долбоорлору коомдук талкууга чыгарылды:

1. «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтом долбоору.

2. Мамлекет ичиндеги төлөмдөргө карата талаптар боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүүгө багытталган «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору.

*Эскертүү: Коммерциялык банктар, төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары корректировкаларды киргизиши мүмкүндүгүнө байланыштуу жогоруда келтирилген маалыматтар өзгөрүшү мүмкүн.*

1-тиркеме. 2023-жылдын жана 2022-жылдын 9 (тогуз) айында төлөм уюмдары тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2023-ж. тогуз айы | | 2022-ж. тогуз айы | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
| 1 | Мобилдик байланыш | 82 738 459 | 32 116 372,1 | 86 650 642 | 25 010 753,8 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 86 189 | 26 194,3 | 129 427 | 33 367,3 |
| 3 | Интернет | 2 008 156 | 1 758 134,0 | 1 787 096 | 1 568 946,2 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 10 092 424 | 7 825 459,1 | 8 070 088 | 5 361 815,1 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 67 465 | 95 976,1 | 87 925 | 113 334,2 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 521 247 | 603 844,1 | 213 867 | 137 398,2 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 400 319 | 385 746,5 | 317 333 | 248 162,3 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 17 331 862 | 74 644 191,1 | 8 677 310 | 32 771 977,2 |
| 9 | ФКУлардын кредиттери үчүн төлөм | 2 494 826 | 11 512 738,8 | 1 518 528 | 5 847 325,8 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 20 859 716 | 85 755 820,6 | 5 331 292 | 22 521 549,1 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 10 467 681 | 23 338 128,4 | 8 801 934 | 18 232 721,7 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 587 514 | 1 015 174,5 | 379 450 | 672 070,1 |
| 13 | Социалдык тармактар | 549 846 | 237 858,0 | 31 927 | 17 679,3 |
| 14 | Интернет оюндары | 56 023 | 27 099,1 | 59 064 | 24 066,9 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелердеги эсепти толуктоо | 5 081 | 9 506,5 | 213 369 | 204 681,9 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 11 186 538 | 1 821 969,4 | 5 003 849 | 689 527,9 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 266 113 | 122 587,2 | 199 657 | 83 857,8 |
| 18 | Кулактандыруулар | 110 751 | 66 800,4 | 112 631 | 66 732,6 |
| 19 | Кайрымдуулук | 7 081 | 2 727,9 | 8 196 | 3 078,9 |
| 20 | Билим берүү | 225 393 | 641 664,6 | 136 165 | 295 501,9 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 31 061 | 111 224,2 | 18 335 | 144 685,9 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 11 171 105 | 17 319 788,3 | 4 589 327 | 8 700 097,9 |
| **Жыйынтыгында** | | **171 264 851** | **259 439 007,8** | **132 337 412** | **122 700 544,3** |

2-тиркеме. 2023-жылдын жана 2022-жылдын III чейрегинде төлөм уюмдары тарабынан ишке ашырылган төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| № | Төлөмдүн түрү | 2023-ж. III чейреги | | 2022-ж. III чейреги | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* | **Саны** *(бирдик)* | **Көлөмү** *(миң сом)* |
| 1 | Мобилдик байланыш | 23 465 153 | 8 999 310,43 | 29 571 343 | 9 199 637,0 |
| 2 | Туруктуу телефон байланышы | 28 296 | 8 653,08 | 37 876 | 9 642,2 |
| 3 | Интернет | 661 521 | 577 427,99 | 619 596 | 547 767,7 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 3 562 241 | 2 046 018,40 | 2 692 901 | 1 300 196,2 |
| 5 | Салыктык жыйымдар | 48 298 | 56 789,71 | 68 884 | 79 365,0 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айып пулдар | 194 173 | 252 713,53 | 101 488 | 58 760,8 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 164 867 | 168 072,57 | 100 184 | 85 606,5 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 7 192 714 | 32 494 254,33 | 3 626 093 | 14 702 874,1 |
| 9 | ФКУлардын кредиттери үчүн төлөм | 918 941 | 4 424 867,75 | 578 452 | 2 326 685,5 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 8 211 681 | 35 196 376,85 | 2 134 602 | 9 969 931,9 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 4 013 136 | 8 875 216,23 | 3 107 886 | 6 767 858,0 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 222 342 | 376 165,66 | 118 206 | 218 299,4 |
| 13 | Социалдык тармактар | 297 919 | 124 960,54 | 26 801 | 16 466,3 |
| 14 | Интернет оюндары | 22 914 | 11 890,87 | 23 484 | 9 698,8 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толуктоо | 1 155 | 2 474,42 | 2 046 | 2 622,2 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 3 977 409 | 715 634,06 | 1 859 137 | 293 771,3 |
| 17 | Жарнама кызмат көрсөтүүлөрү | 94 418 | 44 362,08 | 66 283 | 30 438,0 |
| 18 | Кулактандыруулар | 35 866 | 21 507,58 | 35 413 | 21 121,4 |
| 19 | Кайрымдуулук | 1 918 | 598,40 | 4 131 | 2 285,1 |
| 20 | Билим берүү | 84 517 | 217 730,48 | 58 754 | 83 615,4 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 16 139 | 42 314,00 | 6 448 | 83 615,4 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 4 076 460 | 5 951 453,40 | 1 909 715 | 3 337 864,0 |
| **Жыйынтыгында** | | **57 292 078** | **100 608 792,35** | **46 749 723** | **49 099 334,6** |